
Кырг
83.8
Ш 95

Үмүтай Шүкүрбай кызы

# ЧААР АТ ЖАНА АППАЛУЗА



Кырг
83.8
Ш95

Үмүтай Шүкүрбай кызы

# ЧААР АТ ЖАНА АППАЛУЗА



*сүрөтчү*

Нурланбек Токтали уулу

БИШКЕК 2023

РДДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

**УДК 821.51-93**
**ББК 83.84**
**Ш 98**

**Ш 98** Шүкүрбай кызы Үмүтай
**ЧААР АТ ЖАНА АППАЛУЗА** / сүрөтчү Нурланбек Токтали уулу.
– Б.: «Имак Офсет», 2023. 16 б.

**ISBN 978-9967-33-294-2**

Copyright © 2023. Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган. Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

BY

Бул китеп USAIDдин «Окуу керемет!» долбоорунун алкагында окуу материалдарын классификациялоо боюнча эксперттик топтун мүчөлөрү Б.А. Абдухамидова, К.Р. Акматова, Н.Т. Кабылбаева, Ж.А. Каримова, А.Ж. Муратов, Р.К. Султангазиева, А.Д. Токтомаметов, Б.Б.Топоева-Ставинскаянын катышуусу менен иштелип чыкты.

**ISBN 978-9967-33-294-2**

**УДК 821.51-93**
**ББК 83.84**

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 36404



Достор, менин Чаар атым бар. Ал ушунчалык сулуу ат. Эки канаты бар десем, ага ишенер белеңер? Чоң энем менен чоң атам Чаар аттын жашап келе жатканына он миң жыл болгон дейт. Чоң атама бул атты атасы берген экен. Анын айтуусу боюнча, Чаар ат атадан балага өтүп келе жатыптыр.

Чаарымды мингенде эле, ал эки канатын жаят. Аны менен бүткүл дүйнөнү кыдырууга да болот.



– Бир кезде менин балдарымдын бирөөсү адыр-тоо, белестерди ашып, сууларды кечип, Түндүк Америкага кеткен эле, – деди Чаар атым капалуу. – Ошол бойдон кыргыз жерине кайтпай калган. Мен аны сагындым!

– Сенин эки канатың бар эмеспи, эмнеге муңаясың? Аны таап келсек кантет? – дедим.

Ал кубанып кетти. Чоң энем менен чоң атам да бул оюбузга каршы болгон жок. Ал тургай, жолго күлазык даярдап берди. Ошентип биз Түндүк Америкага сапар тарттык.

Атымдын мойнун бекем кучактап, бирге учуп бараттык. Көктөн карасак, бийик тоонун үстүндө бир аксакал отуруптур. Ал бизге кол булгалады. Атым ошол жерден канатын жыйрып конуп калдык.

– Атыңды өргүтүп, бир аз жаныма келип олтур, – деди аксакал мага карап.

– Кайдан чыгып, кайда жол тартып бара жатасың, балам?

– Кыргызстандан Түндүк Америкага бара жатабыз. Кыргызмын, ата!





– Мен да кыргызмын, Сенин тулпарың Чаар ат тура. Жаныбар Чаар сен каалаган жерге жеткирет.

Түндүк Америкага барганда, өзүңө сырт келбети окшош адамдарга жолугушуң мүмкүн. Алар он миңдеген жылдар илгери дал мен отурган жерде жашашкан эле. Бул жерди Беринг кысыгы дейт. Кийин Түндүк Америкага көчүп кетишти. Ал адамдар сенин атың сыяктуу Чаар аттарды минип алышкан болчу. Ак жол, силерге!

– А сиз мунун баарын кайдан билесиз? – дегенче болбой, ак сакалдуу карыя көздөн кайым болду.

Ошентип атым экөөбүз учуп отуруп, кантип Жаңы Зеландияга түшүп калганыбызды билбей калдык. Ал жерден бир ак чач эне жолукту.

Ал атымды карап ыйлап жиберди.

– Сенин атыңа окшош чаар атым бар эле. Анын аты – Аппалуза! Менин атымдын да көзүнүн чанагы ак, туяктары чаар, куйругунун алды ала-була эле!

– А сиздин Аппалузаңыз азыр кайда?

– Түндүк Америкада калган. Мен ошол жакта жашачумун. Кийин бул жакка көчүп келдим. Атымды сагынып, бирок жете албай жүрөм, – деди.





– Биз да Түндүк Америкага биринчи жолу бара жатабыз.

– Анда, мен силерге жол көрсөтөм, Аппалузама ала баргылачы!

– Макул, анда чогуу баралы, – дедим эненин ыйлап турганына боорум ооруп.

Биз Чаар атыма бекем минген соң, ал канатын жайып, учуп жөнөдү. Чаар атым баласын жытынан билеби, кишенеп, таноосун дердейтип шашып учуп баратты. Анын жол караган көздөрү да оттой күйүп-жанат.

Ошентип отуруп, капкараңгы түн кирди. Адашып да калдык.

– Атыңдын башын оңго бур, – деди эне жылдыздарды карап.

Узак жол жүрүп, Түндүк Америкага да жеттик. Эл жок, жайык жерге келгенде Чаар атым катуу кишенеп алды да:

– Кулунум, балам! – деп адамча сүйлөп жиберди.

Оо, карачы! Тоо боорунда Чаар атымдын өзүнө окшош бир ат кишенеген бойдон канатын керип, биз жакка учуп келе жатат.

Башым айлана түштү. Коркуп да кеттим. Чаар атымдын жалын бекем кучактадым. Эми атым өзүнө окшош атты көргөндө, төрт аягы тыбырай түштү.





Эки ат бирин-бири жытташып, канаттарын керип, кучакташып учурашты. Көздөрүнө жаш алышты.

– Кагылайын, Аппалузам, чаар атым!

Ак чач эне да кубанып, кыйкырып жиберди. Эне эки окшош атты кучактап калды. Көрсө, ал издеген Аппалуза Чаар аттын баласы тура.

– Ата, мен сизди он миң жылдан бери күтүп жүрдүм, – деди Аппалуза.

– Эми биз менен чогуу кетесиңби? – деди Чаар атым.

– Силер менен баралбайм да. Мен азыр Чаар ат эмесмин, Аппалузамын! Бул жерде балдарым бар. Эми мен түндүк америкалыкмын, – деди Аппалуза.

Чаар ат капалуу турду. Ошентсе да, баласын аман-эсен көргөнүнө сүйүндү.

– А мен кыргыз Чаар атымын! Менин Ала-Тоом, жашыл жайлоолорум, көгүлтүр Ысык-Көлүм бар! Аппалуза, ал жакта дагы бир туугандарың бар экенин унутпа! Сени да күтөбүз!

Чаар атым туулган жерибиз тууралуу айтып жатканда, мен да абдан сыймыктанып турдум.

– Албетте, барам! Мен да Кыргызстанды көргүм келет! – деди Аппалуза ишенимдүү.

– Эми биз кайтышыбыз керек, балам. Аман жүргүлө. Аппалузам менин, кош бол! – деп Чаар атым баласы менен кайра-кайра жытташып коштошушту.



Чаар атым бир аздан кийин көздөрү жайнап, мага карады да:

– Кеттик! – деди.

Ошентип экөөбүз желдей сыздык. Деңиз сууларынан, тоо-таштардын үстүнөн учуп бараттык.

Биз, сөзсүз, Кыргызстанга жетебиз!



20,80

РБДЮ
36404 б/ф

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен ишке ашырылды. Китептин мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт

*автор*
Үмүтай Шүкүрбай кызы

*сүрөтчү*
Нурланбек Токтали уулу

Бул жана башка электрондук китептерди QR- код аркылуу окусаңыз болот

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли

*ЖЧК «Имак Офсет» басмаканасында басылды. Нускасы 6233*
*Бишкек шаары, Матросов көчөсү, 1А*
*imakofset.kg*